2019/2020

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы

Кыргыз тили жана адабияты

(орус класстары үчүн)

2-күн

Фамилиясы/ Фамилия		Аты/Имя	
Атасынын аты/ Отчество			
Мектеби/Школа		Айылы/ Село	
Району/Район		Шаары/ Город	
Облусу/Область			
Телефону/ Телефон			
Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе			
Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя			

НУСКАМА

2-күн. Экинчи күндүн тапшырмаларын аткарууга 3 саат берилет. Окуучуларга сунуш кылынган тапшырмалар тил илиминин бардык бөлүмдөрүн чагылдырат жана окуучулардын жөн гана билимге түз жетүүсүнө эмес, билимин чыгармачылык менен колдонуусуна жана сабактарда калыптандырылган (лексика, грамматика, пунктуация, окуу жана түшүнүү ж.б.у.с. боюнча) жөндөмдөрдү көрсөтүп берүүсүнө багытталган. Олимпиада үчүн төмөнкү типтердеги түрдүү тапшырмалар сунуш кылынышы мүмкүн:

- контекстке жараша синоним жана антонимдердин тандалышы;
- иретке келтирүү (бири-биринен ажыратылган сүйлөмдөрдөн же абзацтардан ырааттуу текст түзүү; чаржайыт түрдө берилген окуялардын иретин калыбына келтирүү);
- текстте калтырылган бош жерлерди түрдүү сөз түркүмдөрү менен толуктоо;
- трансформация, өзгөртүү, алмаштыруу;
- сүйлөмдөрдү толуктоо (жетишпеген компонентти табуу);
- жабык жана ачык типтеги суроолорго жооп берүү (кыска жана кеңири);
- бир тил ичинде өзгөртүп кайра айтуу;
- окулган тексттин стилин негиздеп түшүндүрүү;
- жалпы текстти жана анын айрым бөлүктөрүн окуп түшүнүү, тексттин мааниси боюнча берилген суроолордун туура жоопторун таба билүү;
- тыныш белгилерин туура коё билүү;
- сөздөргө мүчөлөрдү туура жалгай билүү;
- сөздөрдүн сүйлөм ичинде аткарган кызматын аныктай билүү;
- сүйлөмдөрдү адабий тилдин нормасына ылайык түзө билүү ж.б.у.с.

Олимпиада тапшырмаларынын аткарылышынын башкы критерийи – өз алдынчалык.

Олимпиадада телефон чалууларга жана социалдык тармактардагы коммуникацияга, олимпиада катышуучулары тарабынан тапшырмалардын талкууланышына жана орток аткарылышына тыюу салынат. Бул шарттар бузулганда, окуучу олимпиада катышуучуларынын курамынан чыгарылат.

Тапшырмаларды орток аткаруу же көчүрүү фактылары байкалган иштер, аткарылган тапшырмалардын сапаты жана санына карабастан, «0» деген упай менен бааланат.

Эгер иш кайра айтылган же көп бөлүгү кайра көчүрүлгөн комментарийсиз баштапкы тексттен гана турса, анда ал иш **нөл упай менен бааланат.**

Упай Баллы		Катышуучунун коду Код участника	

Кыргыз тили жана адабияты боюнча райондук / шаардык олимпиаданын тапшырмалары (орус класстары үчүн). **2-күн.**

Аткаруу убактысы: 3 саат

Эскертүү: ***"Бир гана жооп жазгыла" деп көрсөтүлгөн учурларда бирден көп жооп жазылган болсо, <u>биринчи жооп гана</u> каралат!***

1. **Төмөнкү текстте кайсы сөздөрдөн кийин тыныш белгилери ТУУРА ЭМЕС коюлган (сөздөрдү тексттен кийинки бош жерлерге жазгыла)?**
   Эскертүү: Ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү балл кемитилет!

Даркан – өмүр

Бул үйгө дайыма чын дили менен келген кишиге эшик ачык. Жазуучуга, устат катары, жаштар өксүбөй келип турат. Т.Сыдыкбеков менен жүздөшүү, маектешүү, чыгармачылык окуу – жаштарга дайыма майрам. Анын кыргыз адабиятында өзгөчө чоң мектеби бар. Т.Сыдыкбеков көптөгөн жаштарга илкипат кылып, кол жазмаларын окуду. Далайына ак жол каалап, басмаларга сунуш кылды. Ачык айтып, ак сүйлөп, кемчиликтерин жаш калемгердин бетине айтты. "Мезгил сабактары" деген китебинде жазуучу булар жөнүндө кең-кесири баяндайт.

...Кийинки муун өткөн мезгилди, заманды, тарыхты, адамдарды Т.Сыдыкбеков сыяктуу алдыңкы муундагы жазуучулардын чыгармаларынан окушту, көркөм-эстетикалык асеминен таалим алышты. Акыл-насаатын угуп, чыгармачылыгын үйрөнүштү, өсүштү. Агалардын эки ооз жылуу сөздөрү алардын чыгармачылыгына, жашоосуна демөөр берди. Улуу муундун ийгилигинен да, мүчүлүштүгүнөн да сабак алышты. Ал эми Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыктагы эрдиги, көркөм чеберчилиги – кийинки муунга суктанарлык үлгү экендиги талашсыз.

Т.Сыдыкбеков – адабият майданында жеринен жөнөкөй жана татаал чыгармачылык жолду тандап алып, элдик духтун зыйнатында, нугунда жүрүп, ошол элдин ой жүргүзүүсүн, жосунун, тиричилигин көрсөтүүдө аша чаппай, чындыкты чагылдырып, нукура элдик тил менен тамаша-азил аралаштырып, кейипкерлердин кулк-мүнөзүн кашкайта ачып алган, бир калыпта аккан, соолбос булакка окшоп, кесипти тунук сактап келаткан сырдана, сөз чебери.

_____
_____
_____
_____
_____

2. **Жогорку текстте фразеологизмдер барбы? Эгер бар болсо, аларды көрсөтүп, жанына чечмеленишин жазгыла.**

_____
_____
_____
_____

3. **Жогорку текстте диалектилик сөздөр барбы? Эгер бар болсо, ал сөздөрдү көрсөтүп, жанына адабий тилдеги эквиваленттерин жазгыла.**

_____
_____
_____
_____

4. **Төмөнкү сөздөргө маанилеш сөздөрдү жогоруда берилген тексттен тапкыла. Эскертүү: Бирден гана жооп жазгыла!**

А) Өрнөк – _____

Б) Каарман – _____

В) Кадырлуу – _____

5. **Акыркы абзацтын биринчи сүйлөмүндөгү *жеринен* деген сөздү кайсы сөз менен алмаштырууга болот?**
Эскертүү: Бир гана жооп жазгыла!

_____

6. **Текстте кездешкен төмөнкү сөздөрдүн маанилерин чечмелеп бергиле.**

А) Асем – _____

Б) Сырдана – _____

7. **Тексттеги биринчи жана акыркы сүйлөмдөрдөгү *менен* сөздөрүнүн ортосунда кандай айырмачылык бар?**

_____
_____
_____
_____

8. **Жогорку тексттен мейкиндик жөндөмөлөрүндө турган 5 (беш) сөздү көрсөтүп бергиле.**

_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____

9. ***Жорук-...***
Жогорудагы көп чекиттин ордуна тексттеги кайсы сөздү койсок, кош сөзгө айланат?

_____

10. **Жогорку текстте атама сүйлөм барбы? Эгер бар болсо, аны көрсөтүп, далилдеп бергиле.**

_____
_____
_____
_____
_____
_____

11. **Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз туура жазылган?**

(А) Эшектин жүгү жеңил болсо, жаталаак болот.
(Б) Ал кыжаалат ишке кыйыктанбайт.
(В) Жетекчилик уруксаат берсе, эртең иштебейбиз.
(Г) Кызым кичинекейинде өтө уялчаак эле.

12. **Бишкек шаарындагы Ж. Бөкөнбаев көчөсүндө жайгашкан №813 дарыкананын эшигинин оң тарабында "Дарыкананын пункту", ал эми сол тарабында "Аптечный пункт" деп жазылып турат. Кыргызчага туура которулганбы?**

А) Ооба, анткени

_____
_____
_____
_____

Б) Жок, анткени

_____
_____
_____
_____

13. Ар бир тапшырма беш жуп сөздөн турат. Калың шрифт менен жазылган жуп эки сөздүн ортосундагы байланыштын үлгүсүн көрсөтүп турат. Ушул жуптагы сөздөрдүн ортосундагы байланышты аныктап, жооп варианттарынын ичинен дал ошондой байланышта болгон жуп сөздөрдү тандагыла. Тандаган жообуңардагы сөздөрдүн орун-тартиби үлгүдөгү сөздөрдүкүндөй болушу керек.

1) **тездетүү : басаңдатуу**

(А) шаштыруу : чакыруу
(Б) өркүндөтүү : өнүктүрүү
(В) кичирейтүү : чоңойтуу
(Г) бакыруу : шыбыроо

2) **устукандоо : жиликтөө**

(А) кошуу : көбөйтүү
(Б) ажыратуу : бөлүү
(В) талдоо : сыпаттоо
(Г) чакыруу : сыйлоо

14. Ар бир тапшырмада бош калтырылган жерлери бар сүйлөм(дөр) берилген. Төмөнкү төрт жооп вариантынын ичинен сүйлөмдөгү бош жерлерге мааниси жагынан көбүрөөк туура келгенин белгилегиле.

1) Сенин досуң – ак жүрөк, жылдызы ысык, _____, кыскасы, эң мыкты.

(А) ак кол
(Б) жоон көкүрөк
(В) колу ачык
(Г) кош көңүл

2) Эгер көрөрмандар пъесанын бет ачарынан кийин актёрлордун чеберчилиги туурасында жакшы пикир айтышса, анда бул, эң алгач, _____ жетишкендиги болуп саналат.

(А) сынчынын
(Б) гримёрдун
(В) жазуучунун
(Г) режиссёрдун